**Бишкек инновациялык колледжи**

# Мамлекеттик тил күнүнө карата өткөрүлгөн иш чаранын ОТЧЕТУ

**Бишкек инновациялык колледжинин 2022-2023-окуу жылынын**
**23-сентябрында Мамлекеттик тил күнүнө карата өткөрүлгөн иш чаранын**
**ОТЧЕТУ**

2022-2023-окуу жылында мамлекеттик тилди өнүктүрүүдө Бишкек инновациалык колледжинде бир топ иштер жүргүзүлдү. Мамлекеттик тилди сапаттуу окутуу жана өнүктүрүү боюнча төмөндөгүдөй максаттар коюлган:

**Максаттары:**

- Мамлекеттик Билим берүү стандартынын талаптарынан төмөн болбогон деңгээлде билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча мамлекеттик тилди өнүктүрүү;
- Мамлекеттик тилди окутууда талапка ылайык инновациялык технологияларды колдонуу:
- Мамлекеттик тил кабинеттеринин заманбап технологиялары менен камсыздоо;

**Милдеттери:**

- Студенттердин окугандарын, көрүп уккандарын туура түшүнүүгө үйрөтүү;
- Кыргыз тилине болгон сүйүүсүн ойготуу, эрежелерди системалуу түрдө үйрөтүү жана кыргыз тилин аң- сезимдүү түрдө колдонууга жеткирүү;
- Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү;
- Кыргыз элинин маданий мурастарын таанытуу;
- Кыргыз тилинин сөз байлыгын, грамматикалык түзүлүшүн жана адабий нормаларын өздөштүрүү;

23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата Бишкек инновациялык колледжинде кыргыз тилчилер: Тагаева Г.А., Абылкасымова Р. Т. окутуучулар тарабынан «Эне тилге таазим!», «Кыргыз тилим –мурасым» деген темаларда 1-2-курстарда ачык сабактар өткөрүлдү. Окутуучулар, студенттер "Манас" эпосунан үзүндүлөрдү,эне тилди даназалаган ырларды, суроо-жоопторду, залкар инсандардын тил тууралуу айтылган асыл ойлорун көркөм окушуп, алардын маани-манызын түшүндүрүүгө аракет кылышты.

**Иш чаранын максаты:**Кыргыз тилинин байыртадан келе жаткан уюткулуу тил экенин түшүнүү, сөз байлыгын өстүрүү, тилдин тазалыгын, байлыгын сактоо, кыргыз тил илимине салым кошкон инсандарды таанып билүү болуп саналат.

Мамлекеттик тил майрамынын 33 жылдыгына карата ачык сабактын планы:
**Окутуучу -** Тагаева Г.А.
Күнү, айы, жылы, курсу, аудиториясы: **23.09.2022-ж. К-1-21., ИЯ-2-21. 218 ауд.**
**Сабактын темасы:** «Эне тилге таазим!»
**Сабактын билим берүүчүлүк максаты:** Студенттерди өз эли-жерин, *эне тилибиз-мамлекеттик тилди,* ата-бабадан келе жаткан улуу мурастарды, *Кыргызстандын символикалык* белгилерин урматтап аздектөө үчүн түрдүү булактардан маалыматтарды берүү.
**Сабактын тарбия берүүчүлүк максаты:** Мекен алдындагы алардын жоопкерчилигин арттырууга, атуулдук парзын аткарууга, ата мурастарын сактоого, эне тилин сүйүүгө, ж.б. асыл сапаттарга тарбиялоо;
**Сабактын өнүктүрүүчүлүк максаты:** Студенттердин дүйнө таануусун, сүйлөө көндүмдөрүн калыптандыруу, сөз байлыктарын өстүрүү, *мамлекеттик тил, Кыргызстандын символикалык* белгилери тууралуу алган маалыматтарын кеңейтүү, өнүктүрүү.
**Сабактын ык-методдору:** Көрсөтмөлүүлүк, изденүүчүлүк методдор, студенттердин кызыктыруучулук, кошо жаратуучулук демилгесин пайда кылуу, калыптандыруу, дидактикалык максат-милдеттерди ишке ашыруу.
**Сабактын түрү:** Жалпылаштыруу сабагы
**Сабактын башка сабактар менен болгон байланышы**: кыргыз адабияты, тарых, философия, музыка ж. б.
**Сабактын жабдылышы: КР гимни, Кыргыз тил гимни,** сүрөттөр, кыргыздын улуттук кийим-кечелери, буюмдары, дубал гезиттер, слайддар, видео слайддар ж.б.







**К-2-22.211 аудитория**

**Кыргыз тилим –мурасым.**

**Сабактын максаты: а)** Эне тилди сактоо, анын кадыр-баркын көтөрүү, эне тилдин өнүгүшүнө салым кошу, тилди сүйүү тууралуу кеңири маалымат берүү.

**б)** Макал-ылакаптарды жаттоо, сөз берметтерин жыйноо, адептүү сүйлөй билүүгө, сөзмөрлүккө чечендикке үйрөтүү.

**в)** Эне тилин сүйүүгө тарбиялоо

**Сабактын жабдылышы:** Тил жөнүндөгү ураандар, ырлар, жаңылмачтар, учкул сөздөр. Кластер, интеллект карта

**Сабактын формасы:**интерактивдүү метод

**Сабактын жүрүшү: а)** Уюштуруу **б)** Жаңы сабак **в)** Бышыктоо **г)** Үйгө тапшырма

**1)** шыктандыруу
**2)** тема жана күтүлүүчү натыйжаларды жарыялоо
**3)** тема туралуу керектуу маалыматтарды беруу
**4)** интерактувдуу конугуулор
**5)** жыйынтыктоо

bik.college сайтында маалымат жайгашылган.

**Окутуучу: Абылкасымова Р.Т. 23.09.2022-ж.**